КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
НЕОЧЕРЕДНАЯ СЕССИЯ XVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

**2022-жылдын 25-октябрындагы № 40 Тамга айылы**

**«Тамга-Суу» муниципалдык ишканасына субсидия бөлүп берүү жөнүндө**

Тамга айылындагы «Тамга-Суу» муниципалдык ишканасынын кайрылуусун эске алып, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айылындагы «Тамга-Суу» муниципалдык ишканасынын кайрылуусу канагаттандырылып, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 65-66 беренесине ылайык муниципалдык ишкананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында субсидия (көмөктөшүү) катары 250 000 (эки жүз элүү миң) сом бөлүнүп берилсин.

2. Бөлүнүп берилген акча каражатын максаттуу пайдалануу жагы «Тамга-Суу» муниципалдык ишканасынын жетекчиси У.Маматовго милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.Баямановго тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссияларына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А.Букаров**